9. Schultz T.W. Economics of the Family: Marriage, Children, and Human Capital. — Chicago: University of Chicago Press, 1974.
10. Schultz T.W. Investing in People. — University of California Press, 1981.
11. Schultz T.W. The Economics of Being Poor, Cambridge, Massachusetts, Blackwell Publishers, 1993.
12. Schultz T.W. Origins of Increasing Returns, Cambridge, Massachusetts, Blackwell Publishers, 1993.
13. Беккер Г. С. Преступление и наказание. Экономический подход // Essays in the economics of crime and punishment / Ed. by G.S. Becker, W.M. Landes. — N.Y., 1974.
14. Беккер Г. С. Экономический анализ и человеческое поведение // THESIS. — 1993. Т. 1, вып. 1. С. 38 (англ. Economic Analysis and Human Behavior, 1987).
15. Беккер Г. С. Выбор партнера на брачных рынках // THESIS: теория и история экономических и социальных институтов и систем. — 1994. — № 6 — С. 12-36. (англ. Assortative Mating in Marriage Markets, 1991).
16. Беккер Г. С. Теория распределения времени //Вехи экономического мысли. Том 3. Рынки факторов производства/Под ред. В. М. Гальперина — СПб.: Экономическая школа, 2000 — С. 82—121 — 489 с. — ISBN 5-900428-50-8 (англ. A theory of the allocation of time, 1965).
17. Беккер Г. С. Человеческое поведение: экономический подход. М.: ГУ ВШЭ, 2003. — 672с. ISBN 5-7598-0173-2.
18. Беккер Г. С. Семья // Экономическая теория/ Под ред. Дж. Итуэлла, М.Милгейта[англ.], П.Ньюмена[англ.] — М.:Инфра—М, 2004. — С. 308—321 — 931с. — ISBN 5-16-001750-X.
19. 2022-жылдагы Кыргыз Республикасындагы эл жана турак жай фондун каттоо: II-китеп (Биринчи бөлүк) таблицаларда: Кыргызстандын калкы -Б.: 2023., -381б. ISBN 978-9967-28-708-2, 43-бет.
20. Демографический ежегодник Кыргызской Республики: 2018-2022.-Б: Нацстатком Кыргызской Республики, 2023:-311с. ISBN 978-9967-26-837-1, 268-308-бб.

УДК: 323 (85)

**Абдувапова Айнагул Тешебаевна** , т.и.к., улук окутуучу, Ош мамлекеттик университети

**ОШ ОБЛУСУНУН КАЛКЫНЫН ДЕМОГРАФИЯЛЫК ТҮЗҮМҮ: ТЕНДЕНЦИЯЛАР ЖАНА КӨЙГӨЙЛӨР**

**Абдувапова Айнагул Тешебаевна**, к.и.н.,старший преподователь,
Ошский государственный университет

**ДЕМОГРАФИЧЕСКАЯ СТРУКТУРА НАСЕЛЕНИЯ ОШСКОЙ ОБЛАСТИ: ТЕНДЕНЦИИ И ПРОБЛЕМЫ**

**Abduvapova Ainagul Teshebaevna** , Ph.D., senior lecturer, Osh State University

**DEMOGRAPHIC STRUCTURE OF THE POPULATION OF OSH REGION: TRENDS AND PROBLEMS**

**Аннотация**. Ош облусу Кыргызстандын түштүгүндө жайгашкан, калкынын саны боюнча өлкөдөгү эң маанилүү аймактардын бири болуп саналат. Ош облусунун калкынын демографиялык түзүмүн изилдөө, аймактагы социалдык, экономикалык жана маданий өзгөрүүлөрдү түшүнүүгө жардам берет. Бул макала Ош облусунун калкынын санын, анын жыныс жана жаш курагы боюнча бөлүнүшүн, миграция процесстерин, калктын жайгашуудагы тенденциялары талданды. Ош облусундагы калктын санынын өсүшү акыркы он жылдыкта бир топ жогорулаган, бирок ал демографиялык көйгөйлөрдү да жараткан. Калктын санынын өсүшү аймактагы инфраструктура, билим берүү жана саламаттыкты сактоо системаларына таасирин тийгизип, бул багыттарда бир топ көйгөйлөрдү жаратууда. Ошондой эле, калк менен байланышкан башка маселелер, мисалы, жумушсуздук, агрардык сектордун абалы, айылдык жана шаардык калк ортосундагы айырмачылыктар, билим берүү жана медициналык кызматтардын жетишсиздиги – булардын бардыгы аймактагы демографиялык көйгөйлөргө түздөн-түз таа-

сир этет. Ош облусунда жаш өспүрүмдөрдүн жана эмгекке жарамдуу жаштагы калктын саны артып жатат. Бул демографикалык өзгөчөлүк, аймактагы жумушчу күчүнүн көптүгү менен байланыштуу, бирок, ошол эле учурда, жумушсуздук көйгөйүн да күчөтөт. Эмгек миграциясы, айрыкча, жаш муундун чет өлкөлөргө иштегени кетиши, аймактын экономикасына жана социалдык чөйрөсүнө терс таасирин тийгизүүдө. Өлкөнүн башка аймактарына жана чет өлкөлөргө чыкан калк, жергиликтүү экономиканын негизги секторлорунан – айыл чарбасынан, мал чарбасынан жана эмгек күчүнүн кетишине алып келет. Аймактагы демографиялық көйгөйлөрдү чечүү үчүн, биринчи кезекте, калктын санынын өсүшү менен байланышы бар социалдык маселелерди чечүү зарыл. Аларды чечүү үчүн экономикалык мүмкүнчүлүктөрдү көбөйтүүгө жана жумуш орундарынын санын арттырууга багытталган саясаттарды иштеп чыгуу керек.

**Негизги сөздөр:** демографиялык өткөөл мезгил, улгайган адамдар, курак структурасы, миграция, ички,тышкы миграция.

**Аннотация.** Ошская область расположена на юге Кыргызстана и является одним из важнейших регионов страны по численности населения. Изучение демографической структуры населения Ошской области помогает понять социальные, экономические и культурные изменения в регионе. В статье анализируется численность населения Ошской области, его распределение по полу и возрасту, миграционные процессы, тенденции в размещении населения. Рост населения в Ошской области значительно увеличился за последнее десятилетие, но это также создало демографические проблемы. Рост населения влияет на инфраструктуру, образование и системы здравоохранения региона, создавая ряд проблем в этих областях. Кроме того, другие проблемы, связанные с населением, такие как безработица, состояние сельскохозяйственного сектора, различия между сельским и городским населением, отсутствие образования и медицинских услуг, — все это напрямую влияет на демографические проблемы в регионе. В Ошской области увеличивается численность молодежи и трудоспособного населения. Эта демографическая особенность связана с обилием рабочей силы в регионе, но в то же время она усугубляет проблему безработицы. Трудовая миграция, особенно выезд молодого поколения на работу за рубеж, оказывает негативное влияние на экономику и социальную среду региона. Миграция населения в другие регионы страны и за рубеж приводит к оттоку рабочей силы из ключевых отраслей местной экономики — сельского хозяйства, животноводства, а также рабочей силы. Для решения демографических проблем региона необходимо, прежде всего, решать социальные вопросы, связанные с ростом населения. Для их решения необходимо разработать политику, направленную на расширение экономических возможностей и увеличение числа рабочих мест.

**Ключевые слова**: демографический переход, пожилые люди, возрастная структура, миграция, внешний и внутренний миграция.

**Abstract.** Osh Oblast is located in the south of Kyrgyzstan and is one of the most important regions of the country in terms of population. The study of the demographic structure of the population of Osh region helps to understand social, economic and cultural changes in the region. The article analyzes the population of Osh region, its distribution by gender and age, migration processes, trends in population placement. Population growth in the Osh region has increased significantly over the last decade, but it has also created demographic problems. Population growth affects the infrastructure, education and healthcare systems of the region, creating a number of problems in these areas. In addition, other problems related to the population, such as unemployment, the state of the agricultural sector, differences between the rural and urban population, the lack of education and medical services, all directly affect the demographic problems in the region. In the Osh region, the number of youth and able-bodied population is increasing. This demographic feature is connected with the abundance of labor force in the region, but at the same time it aggravates the problem of unemployment. Labor migration, especially the migration of the young generation to work abroad, has a negative impact on the economy and social environment of the region. Migration of the population to other regions of the country and across the border leads to the loss of labor force from the key branches of the local economy - agriculture, animal husbandry, as well as labor force. To solve the demographic

problems of the region, it is necessary, first of all, to solve social issues related to population growth. For their solution, it is necessary to develop a policy aimed at expanding economic opportunities and increasing the number of jobs.

**Keywords:** demographic transition, elderly people, age structure, migration, external and internal migration.

Ош облусу Кыргызстандын түштүгүндө жайгашкан жана өлкөнүн калкы эң көп аймактарынын бирине кирет. Ош облусунун калкынын жыныстык курамында негизинен улгайган курактагы аялдар басымдуулук кылат. Бул кырдаал Улуу Ата Мекендик согуштун жана миграция таасирин тийгизүүдө, ал эми акыркы жылдары аялдардын өмүрүнүн узактыгынын жогорулашы да айтууга болот. Кийинки мезгилде калктын жаш жагынан бөлүнүшүндө чоң өзгөрүүлөр болду. Балдардын саны эгемендик мезгилине чейин тынымсыз өсүп келген. Эгемендик жылдарында облуста 14 жашка чейинки балдардын калктын жалпы санындагы үлүшү азайды. Совет мезгилинде жаш балдардын төрөлүүсү республикадагыдан жогору болуп келген. 60 тан ашкан адамдардын саны азайып, эмгекке жарамдуу калктын саны (16-59 жаштагы эркектер, 15-54 жаштагы аялдар) көбөйгөн [2].

Ош облусунда 1989-жылдан 2022-жылга чейин эркектердин саны көбөйгөн. 1989-жылы 351730 болсо, 2022-жылы 724501 ге жеткен [2.3.]. Бул 2 эсеге жакын өсүштү көрсөтөт. Эркектердин пайыздык үлүшү болжол менен туруктуу болгон. 1989-жылы 49,5%, 2022-жылы 50,5% түздү. Демек калктын калктын бөлүштүрүлүшү негизинен теңдешип тургандыгын байкоого болот. Аялдардын саны өсүп жатат, 1989-жылы 360913 болсо, 2022-жылы 715132 ге жеткен. Бул 2 эсеге жакын өсүштү көрсөтөт. Аялдардын пайыздык кыскарган 1989-жылы 50,6%, 2022-жылы 49,5% түздү [2.,3].

Жалпы Ош облусунун калкы 1989-жылы 712643 адам болсо 2022-жылы 1439633ке жеткен, демек калк эки эсеге өскөн. Ош облусунун калкынын жыныстык курамы салыштырмалуу теңдешкендигин көрүүгө болот. Эркектер жана аялдар арасында дээрлик тең бөлүштүрүлүүдө. Калктын саны өсүшү–демографиялык өсүү процессин байкоого болот.

Ош облусунун калкынын жаш- курактык түзүмүнүн 1999-жылы, 2009-жылы жана 2022-жылдар аралыгында өзгөргөндүгүн карап чыгууга болот. 1999-жылы калк 943566 адам болсо, 2009-жылы 1104248 ге адамга жеткен ал эми 2022-жылы калк 1439633 адамды түздү. 1999–2009-жылдар аралыгында калк 16% өссө, 2009–2022-жылдар аралыгында дагы 30% өсүп, жалпы калк эки эсеге көбөйгөн[2.,3].

1999-жылы балдар жалпы калктын 27,1% ын түзсө, 2009-жылы 25,8% га жана 2022-жылы 24,4% ды түздү. Балдардын үлүшү азайып калк жогорку курактагылардын саны өсүүдө.

Эмгекке жарамдуу калктын үлүшү 1999-жылы 53,1% 2009-жылы 56,8% га, 2022-жылы 53,4 га жеткен. Бул көрсөткүч өлкөдө экономикалык ишмердүүлүктүн көбөйгөнүн калктын эмгекке жарамдуу бөлүгүн өсүшүн көрсөтөт. Эмгекке жарамдуу калктын жогоркулар 1999-жылы 4,1% болсо, 2022-жылы 6,5% ды түзөт [2,3]. Бул көрсөткүч калк арасында карыган адамдардын саны көбөйүп жаткандыгын жана социалдык камсыздандыруу системасы үчүн жаңы чакырыктарды билдирет.

Ош облусунун калкынын жалпы өсүш бар, бирок жаштардын үлүшү азайып пенсионерлердин саны көбөйүүдө. Келечекте социалдык камсыздандыруу, медициналык тейлөө жана эмгек рыногундагы түйүндөр.

2022-жылы жаш балдардын саны бир аз өстү [5]. Бул эмгек курамына чейинкилердин санынын өсүшүнө түрткү берди (1%ке). Бирок бул көрүнүш жаштардын миграциясынын таасири астында терс жакка өзгөрүшү мүмкүн. Экономика жай өнүгүп жана киреше деңгээли төмөн болуп жаткан учурда калктын өсүшүнүн жайлашы жана миграциялык агымдын тышка карай агылышы, облустун экономикалык абалына, анын коопсуздугуна да коркунуч алып келе турган факторлордон болуп саналат. Ош облусунун калкында этностордун курактык түзүмүндө бир топ өзгөрүүлөр байкалып жатат. Кыргыздар арасындагы балдар жана эмгекке жарамдуу курактагы калк саны көбөйүп жатканын көрсөтөт, ал эми карылар саны да өсүүдө. Өзбектердин 0-14 жаштагы жана 60 жаштан жогорку калкынын санынын өсүшү

байкалат. Орустар арасында 0-14 жаштагы калк жана эмгекке жарамдуу курактагы калк кескин азайып, карылар санынын азайышы да байкалууда. Түрктөр жана тажиктер арасында болсо балдар жана эмгекке жарамдуу курактагы калк бир аз көбөйүп, карылар саны да көбөйдү [2, 3].

Ош облусунун калкынын этностор арасында курактык жана демографиялык өзгөрүүлөрдү анализдөөгө мүмкүндүк берет. Туруктуу калк үчүн келечекте демографиялык өзгөрүүлөргө байланыштуу саясаттар маанилүү болуп, жаштардын санын көбөйтүүгө жана карыларды колдоого багытталган чаралар көрүлүшү керек.

XX кылымдын башында швед демографы Г.Сундберг тарабынан сунушталган калктын жаш курактык түзүмүнүн үч тиби – прогрессивдүү, стационардуу жана регрессивдүү типтер [4] – демографиялык процесстерди талдоодо маанилүү каражат болуп саналат. Бул классификация калктын жаш курактык структурасына таасир эткен көптөгөн социалдык, экономикалык жана саясий факторлорду көрсөтөт. Ош облусунун калкынын жаш курактык түзүмү да Г. Сундбергдин классификациясына туура келет, бирок ошол эле учурда этностор аралык айырмачылыктар анык байкалат.

Г. Сундбергдин классификациясындагы үч негизги типти түшүнүү, калк түзүмүнүн өзгөрүшүн, анын негизинде демографиялык динамиканы түшүнүүгө жардам берет. Прогрессивдүү типте жаш балдардын саны көп болуп, жаш калктын өсүшү басымдуулук кылат, ал эми регрессивдүү типте кары адамдардын саны көбөйүп, калк санынын азайышы байкалат.

Ош облусунун калкында, эгемендик мезгилинде калктын жаш курактык түзүмү негизинен прогрессивдүү типте болгондугу байкалган. Бул типте калктын негизин жаш балдар түзөт жана калктын саны өсүп жатат. Бирок, кээ бир этностор арасында жаш курактык түзүмү жана демографиялык абал эки түрдүү жол менен өнүгүп жатат.

Ош облусунун калкынын демографиялык абалына таасир эткен көптөгөн факторлор бар. Ош облусунун калкынын негизги этностору – кыргыздар, өзбектер, тажиктер, түрктөр, орустар, татарлар жана башка улуттар. Алардын жаш курактык түзүмү жана демографиялык абалы бири-биринен айырмаланат. Кыргыздар, өзбектер жана тажиктер негизинен жаш калкка ээ болгон этностор катары прогрессивдүү типке кирет. Бул этностордун жаш курактык түзүмү калктын өсүшүнө өбөлгө түзүп, демографиялык өсүштү камсыздайт. 1999-жылы Кыргызстандын калкынын санындагы өсүш негизинен жаш калкка тиешелүү болгон. Ош облусундагы кыргыздардын жана тажиктердин санынын көбөйүшү, ошол эле учурда Тажикстандын граждандык согушунун натыйжасында аталган этностордун эмигранттарынын кошулушу менен шартталган [1]. Ош облусундагы өзбектердин саны да өсүп, алардын арасында жаш балдардын санынын көбөйүшү байкалган.

Ош облусундагы калк түзүмүндөгү негизги айырмачылыктар этностордун жаш курактык структурасында көрүнөт. Демографиялык жактан жаш этностордун арасында кыргыздар, өзбектер жана тажиктер башкы орунду ээлейт. Алардын жаш курактык түзүмүндө балдардын саны көбөйгөн жана алардын санындагы өсүш табигый өсүшкө таянган. Ал эми, орустар, немистер, украиндер жана башка улуттар карылыктын деңгээли жогорулап, алардын жаш курактык түзүмү регрессивдүү типке туура келет.

Ош облусунун калкынын демографиялык абалы негизинен прогрессивдүү тип болгону менен, этностор арасында жаш курактык түзүмүндө айырмачылыктар бар. Миграция, экономикалык жана саясий кризистер, ошондой эле улуттар аралык аралашуулар калк түзүмүнүн негизги өзгөрүүлөрүнө алып келди. Ош облусунун калкынын жаш курактык түзүмүндөгү айырмачылыктар өлкөнүн келечектеги социалдык-экономикалык өнүгүшүнө чоң таасир этет. Этностордун жаш курамындагы айырмачылыктар өлкөдөгү социалдык саясатты жана калк башкарууну дагы да татаалдаштырууда. Мамлекеттик саясаттын бардык учурда баштапкы өбөлгөсү жана негизи болуп адам ресурстары жана калктын ар кандай мүнөздөмөлөр жана параметрлерге ээ болгон демографиялык түзүмү саналат. Республиканын калкынын санынын динамикасы, темптери, масштабы, курамы жана түзүмү мамлекеттик улут саясатын иштеп чыгууда башкы ролду ойнойт жана басымдуу учурда көпчүлүк чечимдер менен багыттарды аныктайт. Заманбап демографиялык жана миграциялык тенденциялар со-

циалдык-экономикалык өнүгүү жана саясий кырдаалдагы жылыштардын таасири болуп саналат. СССР кулагандан кийин либералдык рынок реформалары менен мамлекеттик курулуштун жүрүшүндө Кыргыз Республикасынын демографиялык жаатында белгилүү бузулуулар ачыкталды. Биринчиден, калктын олуттуу миграциялык агымы эмгек ресурстарынын сапатынын начарлашына жана калктын чоң бөлүгүнүн кесиптик-квалификациялык деңгээлинин төмөндөшүнө алып келди. Миграциядагы адамдардын түзүмүндө жогорку, толук эмес жогорку жана атайын орто билимдүү адамдар алардын жалпы санынын 48,8% түзөт, ал эми жалпы орто билимди кошо алганда – 91,7% болот. Калктын бул категориясынын чыгып кетиши республиканын экономикасына сезилээрлик таасир берет жана илимий, интеллектуалдык, техникалык эмгек дараметин жоготуу деп саналат. Дээрлик 80% мигранттар активдүү жумушка жөндөмдүү калк болуп, эркектер 50% ашыгын түзөт [7]. Экинчиден, совет убагындагы айыл жергесиндеги төрөлүүнүн саны жогору болушу айылда жумуштуулуктун жоктугуна байланыштуу айыл жаштарынын ири шаарларга көзөмөлсүз агылышына түрткү болду. Бул шаар калкынын жашоо деңгээлинин төмөндөшүнө жана жаштардын люмпендешүү жана криминалдашуусуна негиз болду. Үчүнчүдөн, түштүк райондоруна чектеш аймактардан келген калктын агымы жогорулады. Терс миграциялык баланс негизинен калктын табигый өсүшүнүн эсебинен жабылып турду.

Ош облусу Кыргызстандын түштүгүндө орун алган аймак болуп, миграция процесстери аймактык социалдык жана экономикалык абалга терең таасир этүүдө. Миграция, айрыкча, эмгек миграциясы, ош облусундагы калктын туруктуулугун жана аймактын өнүгүшүн түздөн-түз таасирин тийгизет. Миграциянын жогорку деңгээли, анын ичинде ички жана тышкы миграция, аймактагы демографиялык өзгөрүүлөргө жана калктын түзүмүнө чоң таасир этет. Миграциялык процессти изилдөө Ош облусунун социалдык көйгөйлөрүн чечүү үчүн маанилүү, анткени ал калктын жашоо шарттарын, экономикалык абалын жана аймактын инфраструктурасын түзүүдө чоң роль ойнойт.

Ош облусундагы калк негизинен айыл жерлеринде жашап, калктын санынын өсүшү айыл жерлериндеги инфраструктуранын начардыгы жана жумушсуздукка алып келүүдө. Анын натыйжасында, көптөгөн адамдар шаарга, анын ичинде Ош шаарына көчүп, жумуш издеп келишүүдө. Шаарларга көчүү калктын жашоо деңгээлинин жогорулашына шарт түзөт, бирок ошол эле учурда шаардык инфраструктурага кошумча басым кылып, шаардыктардын жашоо шарттарын оорлотот. Шаарга көчүп келүүдө кызмат көрсөтүү, билим берүү жана саламаттыкты сактоо мекемелеринин жетишсиздиги, калк арасында баалардын жогорулашына алып келүүдө. Шаарлардын калкынын жыштыгы көбөйүп, шаардык аймактардагы жашоо сапатынын төмөндөшүнө алып келүүдө.

Ош облусунун калкынын бир бөлүгү чет өлкөлөргө иштегени чыгып кеткен. Бул миграция процесси негизинен эмгек миграциясы катары мүнөздөлөт жана негизинен Россияга, Казакстанга жана башка өлкөлөргө багытталат. Чет өлкөлөргө кеткен адамдардын көпчүлүгү үй-бүлөлөрүнөн алысташып, эмгек акы алуу үчүн кеткен, бул калктын жашоо деңгээлин жогорулатат, бирок ошол эле учурда көптөгөн социалдык көйгөйлөрдү да жаратууда.

Ош облусунан 2024-жылы 6844 адам келген облустан 9740 адам чыгып кеткен, миграциялык агым -2896 адамды түзгөн[6]. Чет өлкөдө иштеген мигранттар өз өлкөсүнө каржы жөнөтүүлөрүн жиберип, ал эми туруктуу жашоого кайтып келгендер өлкөдөгү экономикалык абалга салым кошот. Миграциянын Ош облусунун калктын түзүмүнө тийгизген таасири чоң. Айыл жерлеринен шаарларга жана чет өлкөлөргө кеткен калк санынын өсүшү калктын түзүмүнүн курагынын өзгөрүшүнө, эмгек рыногундагы өзгөрүүлөргө алып келет. Миграция аймактардагы эмгек күчүнүн жетишсиздигине, айрыкча айыл жерлеринде иш орундарын табуу кыйынчылыктарына алып келет. Ошондой эле, мигранттардын кайтып келишине байланыштуу, аймакта квалификациялуу жумушчу күчүнүн аздыгы жана башка чөйрөлөрдөгү жетишсиздиктер да өзгөчө көйгөйдү жаратат.

Калк арасында эмгек миграциясына багытталган билим берүү жана сапаты өнүктүрүү маанилүү болуп саналат. Ош облусундагы жаштардын чет өлкөлөргө эмгекке кеткендигинен улам, аймактагы кадрларды

даярдоо жана жумушчу күчүн жогорку квалификацияга жеткирүү боюнча жаңы иш-чаралар жана программалар иштелип чыгышы керек. Миграция социалдык өзгөрүүлөргө да себепкер болот. Айыл жерлеринде калктын санынын кыскаргандыгы жана жаштардын жоктугу, социалдык кызматтарга, анын ичинде билим берүү жана саламаттыкты сактоо кызматтарына болгон суроо-талапты төмөндөтүп келүүдө. Мигранттардын кайтып келүүсү жана алардын туруктуу жашоо үчүн кайра келгенде жаңы социалдык маселелер жаралат. Алардын социалдык интеграциясы, кайра кайтып келгендердин жумуш ордуна орношушу жана айыл жерлеринде инфраструктураны өркүндөтүү маселелери дагы актуалдуу болуп калууда.

Ош облусунун калкынын демографиялык түзүмү, жаш курактык өзгөрүүлөр, миграция жана билим берүү тармагындагы көйгөйлөр аймактын өнүгүүсүнө түздөн-түз таасир этет. Бул маселелерди чечүү үчүн комплекстүү мамиле жана социалдык-экономикалык саясатты иштеп чыгуу абзел. Калктын жашоо сапатын жогорулатуу, экономиканы өнүктүрүү жана аймактагы туруктуу өсүштү камсыз кылуу үчүн стратегиялардын эффективдүү ишке ашыруу керек.

**Адабияттар:**

1. АНАЛИЗ ДЕМОГРАФИЧЕСКОЙ СИТУАЦИИ В КЫРГЫЗСТАНЕ: ОБНОВЛЕНИЕ 2020 г. Фонда ООН в области народонаселения. © ЮНФПА 2021.
2. Перепись населения и жилищного фонда Кыргызской Республики 2022 года: Книга III в таблицах: Регионы Кыргызской Республики: Ошская область. – Б.:2023 г. – 141 с. ISBN 978-9967-9512-4-2
3. Перепись населения и жилищного фонда Кыргызской Республики 2009 года: Книга III в таблицах: Регионы Кыргызской Республики: Ошская область. – Б.:2010 г.
*4.* Жоошбекова А.Р., Абдувапова А.Т. Азыркы мезгилдеги Кыргызстандын түштүгүндөгү этнодемографиялык жүрүмдөр.–Бишкек 2023.-219 б.
5. Ош облусунун социалдык-экономикалык абалы. Ош-2023 г.
6. Ош облусунун социалдык-экономикалык абалы. Ош-2024 г.
7. Кыргызстан кенейтилген миграциялык профиль 2015–2018-жж. – Бишкек 2019-ж

УДК:94:314.8.(575.2.(04)

**Абдикеримов А. Ш.**
Баткен мамлекеттик университети, Кызыл-Кыя гуманитардык-педагогикалык институтунун Кыргыз тили жана тарых кафедрасы, тарых илимдеринин кандидаты, доцент
**Шамшиев Н. А.**
ОшМУнун Кыргыз-Кытай факультетинин Кытай тили
жана Кытай таануу кафедрасынын окутуучусу

## БАТКЕН ОБЛАСТЫНДАГЫ КЫЗЫЛ-КЫЯ ШААРЫНЫН КАЛКЫНЫН УЛУТТУК КУРАМЫНЫН КЫРГЫЗСТАНДЫН ЭГЕМЕНДҮҮЛҮК ЖЫЛДАРЫНДАГЫ ӨЗГӨРҮҮ ДИНАМИКАСЫ (1991-2021)

**Абдикеримов А.Ш.**
Баткенский государственный университет, Кафедра кыргызского языка и истории Кызыл-Кийского гуманитарно-педагогического института,
кандидат исторических наук, доцент
**Шамшиев Н.А.**
Кафедра китайского языка и китаистики Кыргызско-Китайского института
Ошского государственного университета, преподаватель

## ИЗМЕНЕНИЕ ДИНАМИКИ НАЦИОНАЛЬНОГО СОСТАВА ЖИТЕЛЕЙ ГОРОДА КЫЗЫЛ-КЫЯ БАТКЕНСКОЙ ОБЛАСТИ В ГОДЫ СУВЕРЕНИТЕТА КЫРГЫЗСТАНА (1991-2021)